**2013-жылдын 22-майындагы № 75 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

## «Электр жана почта байланышы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү жана толуктоо киргизүү тууралуу

2013-жылдын 18-апрелинде — Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** «Электр жана почта байланышы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 8, 230а-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин:

40-статьяда:

1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Электр жана почта байланышы жөнүндө мыйзамдардын бузулгандыгы үчүн күнөөлүү, ошондой эле байланыш чөйрөсүндө экстремисттик ишти жүзөгө ашырган юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликти тартышат.»;

3-бөлүгү «граждандардын абийирине жана ар-намысына шек келтирүү» деген сөздөрдөн кийин «, ошондой эле экстремисттик ишти жүзөгө ашыруу» деген сөздөр менен толукталсын.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** — **А. Атамбаев**